Бекитемин

Директор Исанова Ж.М

№87 орто мектеби

# 2019-2020-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин отчету

Бишкек 2019

Сканировано с CamScanner

Бишкек шаарындагы №87 жалпы билим беруүчү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде бул окуу жылында жалпы 9 мугалим эмгетенди. Окуу жылынын башталышы менен календардык пландар Бекитили, усулдук бирикменин иш-планы талкууланды, УБнын мүчөлөрүнүн темалары такталды, курска баруучу мугалимдердин тизмелери аныкталды. Сентябрь айында 5-9-11-класстардан старттык жазуу иштери алынды. Ошондой эле техникалык өрт коопсуздук эрежелери боюнча инструктаж өтүлдү.

1989-жылы 23-сентябрда Республикабыздын “Мамлекеттик тили жөнүндөгү” мыйзамынын негизинде мамлекеттик тилдин 29 жылдыгына жана залкар жазуучу Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына каратач айлыктын жобосуна ылайык план бекитилип, бир катар иш чаралар болуп өттү.

21-сентябрда жыйындар залында “Тил улуттун байлыгы” деген темада кече өткөрүлүп, окуучулар тарабынан тил жөнүндөгү ырлар көркөм окулду, макал-лакаптар айтылды, Манасчы окуучулар манас айтып, комуздун коштоосунда мукам күүлөр жаңырды. Залкар жазуучунун чыгармаларына арналган обондуу ырлар ырдалды. Жыйынтыгында 10-б классынын Иманбеков КАмчыбек “Чыңгыз кербени” деген обондуу ыры менен “Эң мыкты аткаруучу ” аталса, 11-а классынын окуучусу Рысбекова Айдай эссе жазууда чыгармачылык менен жазгандыгы белгиленди. Жогорку чеберчилик менен көркөм окуган окуучуларга, эң мыкты аткарган сахналаштырууларга граматалар берилди.

Октябрь айынын башталышы менен 5-класстардан улантмалуулук боюнча көндүмдөрүн текшерүү үчүн жат жазуу жана убакытка окутуу алынды. Бул текшерүүдө жалпы 5-класстар төмөндөгүдөй көрсөткүчтү көрсөттү

| классы | Кыргыз тили Б.Сапат | жетишүү | К.Адаб билим сапат | жетишүү |
|---|---|---|---|---|
| 5-а | 49% | 97% | 67 | 100 |
| 5-б | 47% | 94 | 50 | 100 |
| 5-в | 44% | 92 | 52 | 100 |
| 5-г | 45% | 89 | 51 | 100 |
| 5-д | 50% | 89 | 50 | 100 |
| 5-е | 42% | 97 | 58 | 100 |

Сканировано с CamScanner

2018-2019-окуу жылынын 1-чейректин жыйынтыгы боюнча 5-11-кл билим сапаты чыгарылды жана план программанын аткарылышы көзөмөлдөндү.

Ошондой эле октябрь ноябрь айларында мугалимдер тарабынан ачык сабактар өткөрүлдү. Курманбекова К "Айтматов –аалам таануучу" деген темада 8-е классына, Турунтаева К 5-б классына "Бугу Эне жомогу-балдардын көзү менен" деген темада, Сагынбаева Г 8-б классына "Бетме-Бет" чыгармасы, Кабылова Д 5-а классына "Бугу Эне чыгармасынын нравалык мааниси " деген темада ачык сабактар өтүлдү.

Ноябрь айында да 1-чейректен 2 чыккан окуучулар менен иш алып барылды, 6-класстын жазууу дептерлери козөмолдөндү, жазуу иштеринин нормативи боюнча алынышы көзөмөлдөндү жана 10-класстардан кыргыз тили сабагынан билим сапатын колиграфиясын текшерүү жат жазуусу, грамматикалык текшерүүсү менен алынды. Жыйынтыгы төмөнкүдөй болду

| Класс | Жалпы | жазганы | 5 | 4 | 3 | 2 | Б/сапат | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10-а | 24 | 23 | 12 | 11 | - | - | 100% | 100% |
| 10-б | 25 | 25 | 16 | 7 | 1 | 1 | 92% | 97% |

Үч айлыктын аткагында Бишкек шаардык мериясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан жарыяланган көркөм окуу боюнча кароо сынакка 7-в классынын окуучусу Өмүрбекова Айжамал Айтмырза Абылгазиевдин "Сөз бергиле Айтматовго" деген ыры менен катышып райондук турдан 2-орунду ээлеп, шаардык сынакта 3-орунга ээ болду.

Декабрь айында мектеп ичиндеолимпиада 1-орун алган окуучуларды райондук олимпиадага даярдоо иштери жүргүзүлдү. 4-декабрь манас күнүнө карата "Манас-бүтпөс улуу баян" деген темада 8-класстар арасында "Манас таануу" интеллектуалдык таймаш өткөрүлдү. Бул таймаш 5 тапшырмадан туруп алар: саламдашуу, Манас бөлүмү боюнча суроолор, күтүлбөгөн суроолор, эпостогу жер-суу аттары боюнча суроолор жана видео суроолор болду. Таймашта өз билимдерин далилдеп, 8-а класс 1-орунга, 8-б класс 2-орунга, 8-д класс 3-орунга ээ болушту.

12-декабрь жыйындар залында "Тил жана Айтматов " деген темада үч айлыкты жыйынтыктоо кечеси "Эркин Тоо" газетасынан келген кабарчынын ата-эне, мугалимдердин катышуусу менен болуп өттү. Бул кечеде окуучулар залдын жасалгалоосуна да активдүү катышып, жазуучунун чыгармаларындагы каармандардын сүрөттөрү илинип өзгөчө болду.

Сканировано с CamScanner

Окуучулар сахналаштырган үзүндүлөрдү аткарышып, көркөм ырларды айтып, комуз күүлөрү коштолуп, монолог аткарылды. Кечениn жүрүшүндө да залдагы окуучуларга да суроо берилип кызыктуу таймаш өткөрүлдү. Үч айлыктын башында жарыяланган "Эң мыкты дубал газета", "Эң мыкты сүрөт", "Эң мыкты макет", "Эң мыкты монолог", "Эң мыкты дил баян" номинациалар үчүн жыйынтык чыгарылып, окуучуларга граматалар тапшырылды.

Январь айынын 21-31 не чейин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы өткөрүлдү. Усулдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан биргелешип ачык сабактар, окуучулар үчүн ар кандай сынактар (көркөм окуу, дубал газета, долбоор, сүрөт) план иштелип чыгып мектеп директору тарабынан бекитилген. Эң алгач план боюнча 22-январда Кабылова Д 6-а классына "Сапаттык жана катыштык сын атоочтор" деген темада сабак өттү. Замирбек кызы Лира 11-б класска Токтоболот Абдымомуновдун өмүрү-чыгармачылыгы деген темада 24-январда өтүлдү. Жумалиева А.А "Сын атоочтун даражаларын бир-биринен ажырата билүү" деген темада 6-в классына өтүлдү. Сагынбаева Г.М 6-е классына "Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу" деген темада өттү. Курманбекова К.Ж "Жалаң жана жайылма сүйлөм" деген темада 8-г класска, Турунтаева К К.Баялинов "Ажар" повести 5-б классына, Аралбек кызы Алтынай "Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлунүшү" деген темада 7-в классына өтүштү. Баардык өтүлгөн сабактар өз максатына жетти.

Декаданын жабылышында жыйындар залында окуучулардын буга чейинки алган билимдери бышыктоо максатында "Акыл ордо интеллектуалык таймаш өткөрүлдү". Бул таймашка 8-9-10-11-класстын окуучулары катышып өз билимдерин текшерип көрүштү. Бул таймаш окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө, өз ойлорун эркин айтып берүүгө, эл алдында өзүн эркин айтып жүрүүгө дүйнөтаанымын жогорулатууга багытталган эң жогорку таймаш болду. Жыйынтыгында 1-орунду 10-класстын окуучусу Жылдызбек кызы Марсиана, 2-орунду Саатова Мадина 8-класстын окуучусу,3-орунду 9-класстын окуучусу Осмоналиева Гулнур ээледи. Жеңүүчүлөргө грамата жана китептер тапшырылды.

Февраль айында 9-класстардвн билим сапатын текшерүүчү жат жазуу жаздырылган. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

| **Класс** | **жалпы** | **5** | **4** | **3** | **2** | **б/сапат** | **жетишүү** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-а | 34 | 15 | 11 | 2 | - | 92% | 100% |
| 9-б | 28 | 14 | 4 | 7 | - | 72% | 100% |
| 9-в | 31 | 9 | 13 | 4 | 1 | 81% | 97% |
| 9-г | 30 | 11 | 6 | 6 | 1 | 70% | 97% |
| 9-д | 30 | 4 | 8 | 8 | 1 | 57% | 97% |

Сканировано с CamScanner

Февраль айында 9-класстардын билим сапатын аныктоо учүн жат жазуу алынган.126 сөздөн турган “Өз энесине жаа тарткан маңкурт” деген темада. Айрым окуучулар орфографиялык жана пунктуациалык каталарды кетиришкен. Жалпысынан жакшы жазышкан, одоно ката кетирген окуучулар болгон эмес. 21-февраль эл аралык эне тил күнүнө карата 5-11-класстар арасында жаш өзгочөлүгүнө карата ар түрдүү сынактар жарыяланып, жыйындар залында кече болуп өттү. Кечеде 8-класстын окуучулары ар улуттун тилинде ырлырын ырдап, каада-салтын чагылдырып, улуттук кийимдерин кийишип өз өнөрлөрүн тартуулашты. Курманбекова Карлыгач Жумакадыровна 8-е классына “Улуттар аралык ынтымак ” деген темада КВН сабак өттү. Бул сабакта класстагы окуучулардын кызыктуу суроо-жооптон турган оюн сабакка күбө болдук.

Март айында УБнын жетекчиси тарабынан кабинеттерди көзөмөлдөө, 10-11-класстардын жазуу дептерлерин көзөмөлдөө иштери жүргүзүлдү жана 3-чейректин билим сапаты чыгарылып, план программанын аткарылышы каралып маалымдама жазылды. Ошондой улустун улуу күнү –Нооруз майрамына карата класс жетекчилер тарабынан класстык сааттар өтүлдү. Кабылова Д.Т “Салам Нооруз”, Аралбек к Алтынай “Нооруз-көктөм майрам” деген темадагы класстык сааттары эң жогорку деңгээлде болду.

Апрель айында УБ тарабынан тиешелүү кабинеттердт көзөмөлдөө, план программанын аткарылышын көзөмөлдөө, 5-11-класстардын дептерлерин текшерүү, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүү сыяктуу бир топ иштер жүргүзүлдү.

Ал эми май айында 9-11-класстарга мамлекеттик экзамендерге карата даярдык көрүү иштери жүргүзүлдү. Мугалимдерге инструктаж өтүлүп протоколдор толтурулду.

УБнын мүчөлөрү начар окуган окуучулар менен иштешип, кандай иш алып барылганы, жетишкендиктери жана кемчиликтери жөнүндө отчетторун тапшырышты. Жыл ичинде окууда жетише албаган балдар аныкталып, кийинки жылга карата пландар түзүлдү.

Сканировано с CamScanner

**2018-2019-окуу жылында № 87 орто мектебинин жетишкен ийгиликтери**

| **окуучу** | **класс** | **Катышкан сынагы** | **Ээлеген орду** | **Мугалим** |
|---|---|---|---|---|
| Өмүрбек к Айжамал | 7-в класс | “Тил жана Айтматов” үч айлыгы | Райондон 2-орун, шаардан 3-орун | Жумалиева А.А |
| Садирова Нуриза | 11-класс | “Мы-интеллектуалы 21 века” изилдөө долбоору | 3-орун | Замирбек кызы Лира |
| Канатбекова Айтолкун | 10-класс | “Жеңиштин изи менен” изилдөө долбоору | 2-орун | Турунтаева К.А |
| “Келечек” тайпасы | 6-класстын окуучулар | Балдар fm радиосу “Акыл таймаш” уктуруусу | Тандоо турдан 1-орун | Жумалиева А.А |
| “Мурас” тайпасы | 8-9-кл окуучулары | “Манастаануу” теледолбоору | Тандоо турдан 4-орун | Сүйналиева М.М |

Сканировано с CamScanner